510100 - “Математика” магистрдик багытынын негизги билим берүү программасына (НББП)

# РЕЦЕНЗИЯ

510100 - “Математика” магистрдик багытынына карата иштелип чыккан негизги билим берүү программасы окуу-методикалык документтердин жыйындысы болуп эсептелет. Бул документтер регионалдык эмгек рыногунун, коомчулуктун талаптарын эске алуу менен көрсөтүлгөн багыттын жогорку кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинде иштелип чыккан жана анда мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын талаптары сакталган.

Каралып жаткан НББП алгебра жана геометрия, математикалык анализ кафедраларынын биргеликтеги жыйындарында, факультеттин методикалык кеңешинин жыйындарында талкууланган жана толугу менен кыргыз тилине которулган.

Бул НББПда кызыктар тараптардын ой-пикирлери жана сунуштары эске алынып, программанын максаттары, окутуудан күтүлүүчү натыйжалары, окуу планы жаңыланган. Бул багыттын бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү билим берүү системасында иштеп жаткандыктан, алардын жана иш берүүчүлөрдүн сунуштары менен бир нече дисциплиналар алмаштырылган.

2016-17-окуу жылы үчүн түзүлгөн 510100 “Математика” магистрдик багытынын НББПсынын окуу планынын түзүлүшү учурдун талабына жоопберет жана бул НББП боюнча компетенттүү магистрлер даярдалат деп ишенем.

ОшМУнун информатика
кафедрасынын ф.-м.и.к.,
доцент — Артыкова Ж.А.